КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
КЕМИН РАЙОНУ
ОРЛОВКА ШААРЫНЫН
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЕМИНСКИЙ РАЙОН
ОРЛОВСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**Орловка шаарынын кеңешинин XXIX чакырылышынын**
**XVI кезектеги сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 06-августу № 113/16-29

**Орловка шаарынын аймагында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу Эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 8-майындагы №151 «Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун жалпы техникалык регламенти жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Орловка шаарынын кеңеши **токтом кылат**:

1. Орловка шаарынын аймагында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу Эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтом тиркемеси менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтында жарыялансын.
3. Шаардык кеңештин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын, маалымат такталарына жайгаштырсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемеси менен ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышы Орловка шаарынын мэри А.А.Койшыбаевге жүктөлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Орловка шаарынын өнөр жай, экология, өзгөчө кырдаалдар, транспорт жана турак жай-коммуналдык кызматтар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Токтакунов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
КЕМИН РАЙОНУ
ОРЛОВКА ШААРЫНЫН
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЕМИНСКИЙ РАЙОН
ОРЛОВСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**
**XVI очередной сессии Орловского городского кенеша XXIX созыва**

06 августа 2026 года № 113/16-29

**Об утверждении Правил обеспечения экологической безопасности на территории города Орловка**

В соответствии с Законом Кыргызской Республики «Общий технический регламент по обеспечению экологической безопасности в Кыргызской Республике» от 8 мая 2009 года №151, ст.34 Закона Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», заслушав и обсудив информацию мэра г.Орловка А.А.Койшыбаева Орловский городской кенеш **постановляет**:

1. Утвердить Правила обеспечения экологической безопасности на территории города Орловка согласно приложения.
2. Настоящее постановление с приложением опубликовать на официальном веб-сайте Государственного агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики.
3. Ответственному секретарю Орловского городского кенеша зарегистрировать настоящее постановление, разместить на информационных досках и направить его копию с приложением в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики.
4. Настоящее постановление вступает в силу со дня включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики.
5. Исполнение настоящего постановления возложить на мэра г.Орловка А.А.Койшыбаева.
6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на постоянную комиссию по промышленности, экологии, ЧС, транспорту и жилищно-коммунальным службам Орловского городского кенеша.

**Председатель** **М.И.Токтакунов**

**БЕКИТИЛДИ**
Орловка шаардык кеңешинин
2026-жылдын 06-августундагы
№ 113/16-29 токтому менен
М.И.Токтакунов ____________

# Орловка шаарынын аймагында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. Жалпы жоболор

**1. Ушул Эрежелер Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 8-майындагы №151 «Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун жалпы техникалык регламенти жөнүндө» Мыйзамына, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.**

2. Ушул Эрежелер Орловка шаарынын аймагында чарбалык жана башка иш-аракеттерди жүргүзүүдө экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча талаптарды белгилейт.

3. Ушул Эрежелердин талаптары төмөнкүлөр үчүн милдеттүү болуп саналат:

* юридикалык жактар;
* жеке ишкерлер;
* уюмдар жана мекемелер;
* Орловка шаарынын аймагында иш жүргүзгөн жеке жактар.

4. Ушул Эрежелердин негизги максаты:

* айлана-чөйрөнү коргоо;
* атмосфералык абанын, суу объекттеринин жана топурактын булганышына жол бербөө;
* Орловка шаарынын калкынын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу.

**2. Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун негизги талаптары**

2.1. Атмосфералык абаны коргоо

Орловка шаарынын аймагында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1. Булгоочу заттардын чыгындыларын тазалоочу курулмалары жок чарбалык объекттерди пайдаланууга.

2. Шаардын аймагында турмуш-тиричилик жана өндүрүш калдыктарын өрттөөгө.
3. Экологиялык талаптарга жооп бербеген автотранспорт каражаттарын пайдаланууга.

4. Атмосфералык абага терс таасирин тийгизүүчү ишканаларды санитардык-коргоо аймактарын эске албастан жайгаштырууга.

---

2.2. Суу объекттерин коргоо

Орловка шаарынын аймагындагы суу ресурстарын коргоо максатында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1. Тазаланбаган саркынды сууларды суу объекттерине жана жер кыртышына агызууга.

2. Дарыялардын, каналдардын жана арыктардын жээктерин турмуш-тиричилик жана курулуш калдыктары менен булгоого.

3. Саркынды сууларды алдын ала тазалоосуз шаардык канализация тутумуна агызууга.

4. Экологиялык коркунуч туудурган объекттерди суу коргоо аймактарына жайгаштырууга.

2.3. Өсүмдүктөр дүйнөсүн жана жашыл көчөттөрдү коргоо

Орловка шаарынын аймагындагы жашыл көчөттөрдү сактоо максатында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1. Бак-дарактарды жана бадалдарды өз алдынча кыюуга.

2. Жашыл көчөттөрдү жана газондорду бузууга.

3. Кургак чөптөрдү жана өсүмдүктөрдү өрттөөгө.

4. Жашыл аймактарга курулуш материалдарын жана калдыктарды үйүүгө.

5. Шаарды көрктөндүрүү иштеринин алкагында отургузулган бак-дарактарды жок кылууга же аларга зыян келтирүүгө.

---

2.4. Топуракты жана жерлерди коргоо
Орловка шаарынын аймагында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1. Курулуш, турмуш-тиричилик жана башка калдыктарды өз алдынча жайгаштырууга.

2. Топуракты мунай заттары, химиялык заттар жана калдыктар менен булгоого.

3. Жер тилкелерин алардын максаттуу багыты боюнча пайдаланбоого.

4. Курулуш жана башка иштерди жүргүзүүдө топуруктын түшүмдүү катмарын бузууга.

---

2.5. Калдыктар менен иштөө

Орловка шаарында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу максатында:

1. Катуу тиричилик калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жайгаштыруу «Орловка шаардык ТКЧ» муниципалдык ишканасы тарабынан жүзөгө ашырылат.

**2. Юридикалык жактар, уюмдар жана шаардын тургундары төмөнкүлөргө милдеттүү:**

* катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу боюнча келишим түзүүгө;
* таштандыларды жыйноонун белгиленген эрежелерин сактоого;
* калдыктарды чогултуу үчүн атайын контейнерлерди пайдаланууга.

**3. Төмөнкүлөргө тыюу салынат:**

* калдыктарды өз алдынча жайгаштырууга;
* таштандыларды өрттөөгө;
* калдыктарды коомдук жайларга, көчөлөргө, арыктарга жана суу объекттерине таштоого;
* уруксат берилбеген таштанды төгүүчү жайларды уюштурууга.

---

**3. Экологиялык көзөмөл**

1. Ушул Эрежелердин талаптарынын сакталышына көзөмөл төмөнкү органдар тарабынан жүзөгө ашырылат:

* Орловка шаарынын мэриясы;
* муниципалдык кызматтар;

* айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.

2. Көзөмөл төмөнкү жолдор аркылуу жүргүзүлөт:

* визуалдык текшерүүлөр;
* аспаптык көзөмөл;
* экологиялык документтердин бар экендигин текшерүү.

---

**4. Жоопкерчилик**

1. Ушул Эрежелердин талаптарын бузууга күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

2. Экологиялык талаптарды бузгандыгы үчүн төмөнкү чаралар колдонулат:

* административдик айып салуу;
* аныкталган мыйзам бузууларды жоюу жөнүндө милдеттүү көрсөтмөлөрдү берүү;
* Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка жоопкерчилик чаралары.

---

**5. Жыйынтыктоочу жоболор**

1. Ушул Эрежелер Орловка шаарынын аймагында экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга жана шаардын санитардык абалын жакшыртууга багытталган.
2. Уюмдар жана шаардын тургундары ушул Эрежелердин талаптарын сактоого жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

| | |
|---|---|
| **Мэр г.Орловка** | **“Орловка шаардык ТКЧ” МИ мекеме башчысы** |
| **_______________Көйшыбаев А. А.** | **_______________Кудайбергенов А. Ш.** |

**УТВЕРЖДЕНО**
постановлением
Орловского городского кенеша
№113/16-29 от 06 августа 2026 года
М.И.Токтакунов

# ПРАВИЛА
## обеспечения экологической безопасности на территории города Орловка

## 1. Общие положения

1. Настоящие Правила разработаны в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Общий технический регламент по обеспечению экологической безопасности в Кыргызской Республике» от 8 мая 2009 года №151, а также другими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики в области охраны окружающей среды.
2. Правила устанавливают требования по обеспечению экологической безопасности на территории города Орловка при осуществлении хозяйственной и иной деятельности.
3. Требования настоящих Правил обязательны для:

- юридических лиц;
- индивидуальных предпринимателей;
- организаций и учреждений;
- физических лиц, осуществляющих деятельность на территории города Орловка.

4. Основной целью настоящих Правил является:

- охрана окружающей среды;
- предотвращение загрязнения атмосферного воздуха, водных объектов и почвы;
- обеспечение экологической безопасности населения города Орловка.

---

## 2. Основные требования экологической безопасности

2.1 Охрана атмосферного воздуха

На территории города Орловка запрещается:

1. Эксплуатация объектов хозяйственной деятельности без установок очистки выбросов загрязняющих веществ.
2. Сжигание бытовых и производственных отходов на территории города.

3. Эксплуатация автотранспортных средств, не соответствующих экологическим требованиям.
4. Размещение предприятий, оказывающих негативное воздействие на атмосферный воздух, без учета санитарно-защитных зон.

---

2.2 Охрана водных объектов

В целях охраны водных ресурсов на территории города Орловка запрещается:

1. Сброс неочищенных сточных вод в водные объекты и на рельеф местности.
2. Захламление берегов рек, каналов и арыков бытовыми и строительными отходами.
3. Сброс сточных вод в городскую канализационную систему без предварительной очистки.
4. Размещение объектов, представляющих экологическую опасность, в водоохранных зонах.

---

2.3 Охрана растительного мира и зеленых насаждений

В целях сохранения зеленых насаждений на территории города Орловка запрещается:

1. Самовольная вырубка деревьев и кустарников.
2. Повреждение зеленых насаждений и газонов.
3. Выжигание сухой травы и растительности.
4. Складирование строительных материалов и отходов на территориях зеленых зон.
5. Уничтожение или повреждение деревьев, высаженных в рамках благоустройства города.

---

2.4 Охрана почв и земель

На территории города Орловка запрещается:

1. Самовольное размещение строительных, бытовых и иных отходов.
2. Загрязнение почвы нефтепродуктами, химическими веществами и отходами.
3. Использование земельных участков не по целевому назначению.
4. Повреждение плодородного слоя почвы при проведении строительных и иных работ.

## 2.5 Обращение с отходами

С целью обеспечения экологической безопасности в городе Орловка:

1. Сбор, вывоз и размещение твердых бытовых отходов осуществляется Муниципальным предприятием «Орловское городское ЖКХ».
2. Юридические лица, организации и жители города обязаны:

- заключать договор на вывоз твердых бытовых отходов;
- соблюдать установленные правила складирования мусора;
- использовать контейнеры для сбора отходов.

3. Запрещается:

- самовольное размещение отходов;
- сжигание мусора;
- выбрасывание отходов в общественных местах, на улицах, в арыках и водоемах;
- создание несанкционированных свалок.

## **3. Экологический контроль**

1. Контроль за соблюдением настоящих Правил осуществляется:

- Мэрией города Орловка;
- муниципальными службами;
- уполномоченными государственными органами в области охраны окружающей среды.

2. Контроль осуществляется путем:

- визуальных проверок;
- инструментального контроля;
- проверки наличия экологической документации.

---

**4. Ответственность**

1. Лица, виновные в нарушении настоящих Правил, несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.
2. За нарушение экологических требований применяются:

- административные штрафы;
- предписания об устранении нарушений;
- иные меры ответственности, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.

---

**5. Заключительные положения**

1. Настоящие Правила направлены на обеспечение экологической безопасности и улучшение санитарного состояния города Орловка.

2. Организации и жители города обязаны соблюдать требования настоящих Правил и принимать меры по сохранению окружающей среды.

**Мэр г.Орловка** **Директор МП "Орловское городское ЖКХ"**

**_______________ Койшыбаев А. А.** **_______________ Кудайбергенов А. Ш.**